1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Президентинин 2021-жылдын
«_____» __________ №_____
Жарлыгы менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши жөнүндө**

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Статистика боюнча кеңеш (мындан ары - Кеңеш) расмий статистиканы стратегиялык өнүктүрүү маселелери боюнча консультативдик кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

2. Кеңештин негизги максаты расмий статистиканы жүргүзүүчүлөргө стратегиялык мүнөздөгү сунуштамаларды берүү болуп саналат.

3. Кеңеш өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы анын катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

### 2. Кеңештин милдеттери, укуктары жана милдеттенмелери

4. Статистика боюнча кеңештин милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

1) расмий статистиканы стратегиялык өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана аларды Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине (мындан ары - Улутстатком) киргизүү;

2) статистикалык программаларга биринчи кезектеги маалыматтык муктаждыктарды киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

3) статистикалык программалардын аткарылышын баалоо жана расмий статистиканы стратегиялык өнүктүрүү боюнча ишмердигинин мониторинги;

4) расмий статистиканын бардык жүргүзүүчүлөрү тарабынан «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын тийиштүү жоболорунун сакталышынын мониторинги;

5) улуттук статистика тутумунун ишмердигинин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылууга көмөктөшүү;

6) улуттук статистика тутумун өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча долбоорлордун иштетилишинин мониторинги.

5. Кеңеш өз компетенциясынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

М. Оморова ______________ С. Насирдинов ______________
2021-жылдын ____ __________

1) статистикалык программалардын долбоорлорун талкуулоого катышууга жана алардын иштетилиши жөнүндө отчетту угууга;

2) өзүнүн жеке демилгеси боюнча, Улутстаткомдун же расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдүн сунуштары боюнча анын негиз болуучу принциптерине расмий статистиканын продуктуларынын туура келиши боюнча маселелерди талкуулоого;

3) административдик маалыматтардын булактарына жана аларды статистикалык максаттарда пайдаланууга жетүү көйгөйлөрүн чечүүдө расмий статистиканы жүргүзүүчүлөргө көмөктөшүүгө;

4) санариптештирүү шарттарда маалыматтардын архитектурасын, бирдиктүү стандарттарды, классификацияларды жана терминологияларды камтыган маалыматтарды башкаруу тутумун түзүүдө Улутстаткомго көмөктөшүүгө;

5) расмий статистиканын релеванттуулугун (шайкештик деңгээлин) жогорулатуу жана улуттук статистика тутумунун ачыктык жана отчеттуулук принциптерин жайылтуу максатында, статистикалык маалыматтардын сапатына жана статистиканын белгилүү тармактарына, ишмердиктин же түзүмдүк бөлүмдөрдүн багыттарына карата расмий статистиканын негиз болуучу принциптерине алардын дал келүүсүнө көз карандысыз тышкы баалоолорду жүргүзүүнү демилгелөөгө;

6) статистика жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо боюнча маселелерди мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн өз отурумдарында угууга;

7) Кеңештин милдеттерин ишке ашыруу үчүн керектүү материалдарды мамлекеттик органдардан жана башка уюмдардан мыйзамдарда белгиленген тартипте сурап-талап кылууга жана алууга;

6. Улутстаткомдун расмий сайтына өзүнүн ишмердиги жөнүндө жалпы отчетту жыл сайын берип туруу Кеңештин милдеттерине кирет.

### 3. Кеңештин курамы жана аны түзүү тартиби

7. Кеңештин курамы Улутстаткомдун төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан беш жылдык мөөнөткө бекитилет.

8. Кеңеш он беш мүчөдөн (адамдан) турат. Кызматы боюнча Улутстаткомдун төрагасы Кеңештин курамына кирет.

Кеңештин калган мүчөлөрү башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн, расмий статистиканы пайдалануучулардын ар кандай категорияларынан жана жарандык коомдон дайындалышат.

Кеңештин көпчүлүк бөлүгүн Мамлекеттик сектордун өкүлдөрү түзбөөгө тийиш.

М. Оморова ______________ С. Насирдинов ______________
2021-жылдын ____ __________

## 4. Кеңештин ишмердигин уюштуруу

9. Кеңештин ишмердигинин негизи формасы болуп, зарыл болсо, дистанциялык режимде өткөрүүлүчү отурумдар саналат.

10. Кеңеш ушул Жободо каралбаган бардык маселелер боюнча өз ишмердигинин Регламентин бекитет.

11. Төраганы Кеңеш шайлайт, ал мамлекеттик бийлик органдарынын курамынан тышкары колдонуучулар коомчулугунун өкүлү болуп саналат.

12. Кеңештин төрагасы анын ишмердигин жетектейт, Кеңештин отурумдарында төрагалык кылат, ишти пландаштырат, чечимдердин ишке ашырылышына жалпы контролдоо жүргүзөт. Төрага жок учурда анын милдеттерин Кеңештин төрагасынын орун басары аткарат.

13. Кеңештин отуруму, зарылдыгына жараша, төрага тарабынан чакырылат, бирок бир жылда экиден кем эмес ирет өткөрүлөт. Кеңештин отурумдары анда Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү катышкан шартта гана мыйзамдуу болуп саналат.

14. Кеңештин чечимдери жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, Кеңештин отурумдары протокол менен таризделет, ага отурумдун төрагасы тарабынан кол коюлат. Добуштардын саны бирдей чыкса, төрага ага добушун берген чечим кабыл алынган болуп эсептелет.

15. Кеңештин Катчылыгынын милдеттери Улутстаткомго жүктөлөт.

16. Кеңештин ишин уюштуруу расмий статистиканы өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө эл аралык уюмдар тарабынан бөлүнгөн гранттардын жана техникалык жардам каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн.

М. Оморова

С. Насирдинов

2021-жылдын ____ __________

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын «___»_______ №___ Жарлыгы менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңешинин**

**КУРАМЫ**

| ФАА | Өкүлдөр/Кызматы |
|---|---|
| | - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| | - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы |
| | - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети |
| Насирдинов Самат Насирдинович | - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы |
| | - Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министринин биринчи орун басары |
| | - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын орун басары; |
| | - Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун директору |
| | - Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Президенти |
| | - билим берүү мекемелеринин |
| | - илимий-изилдөө институттарынын |
| | - бизнес-коомчулугунун |
| | - жарандык коомчулуктун |
| | - өкмөттүк эмес сектордун |
| | - өнүктүрүү боюнча өнөктөштүн |
| | - массалык маалымат каражаттарынын |

М. Оморова

С. Насирдинов

2021-жылдын ____ __________